КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО
ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ
БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# МААЛЫМАТ БЮЛЛЕТЕНИ №12

## 2021-ЖЫЛДЫН 15-21-НОЯБРЫ

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ
28.11.2021

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Бишкек-2021

**БШКда талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо фонддорунун айкындуулугунун автоматташтырылган тутуму иштей баштады**

БШКнын көзөмөлдөө-текшерүү тобу (ККТ) шайлоо процессинин каржылык айкындуулугу боюнча чаралар Планынын алкагында **талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо фонддорунун айкындуулугунун автоматташтырылган тутуму** – "Финансылык ачык-айкындуулук" (ФА АМТ) иштелип чыгып, пайдаланууга киргизилгендигин билдирет.

Мыйзам ченемдерине ылайык талапкерлердин жана саясий партиялар шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзөт. Шайлоо фонддорунун каражаттары төмөнкүлөрдүн эсебинен түзүлүп, банк мекемелеринин атайын эсептерине эсепке киргизилет:

- талапкердин, саясий партиянын өз каражаттарынан;

- атын атабай (анонимдүү) кайрымдуулук берүүнү кошпогондо, жарандардын жана укуктук жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнөн.

Шайлоо фонддорунун каражаттары шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланышкан чыгымдарды жабуу үчүн гана пайдаланылышы мүмкүн. Иштерди (кызмат көрсөтүүлөрдү) аткаруу (берүү) үчүн талапкердин, саясий партиянын жана жеке, укуктук жактардын ортосундагы эсептешүүлөр келишимдик негизде **накталай эмес тартипте гана** жүзөгө ашырылат.

БШК тарабынан киргизилген шайлоо процессинин каржылык айкындуулугунун стандартынын маңызы "Финансылык ачык-айкындуулук" (ФА АМТ) автоматташтырылган маалымат тутуму аркылуу талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун акча каражаттарынын келип түшүү жана чыгымдалышы тууралуу так, толук маалыматтарды төмөнкү форматта БШКнын сайтына чыгарып, көрсөтүү болуп саналат:

***- атайын эсепке качан, кимден, канча акча каражаты түштү;***

***- кайсы товар, кызмат көрсөткөндүк үчүн качан, кимге жана канча сарпталды.***

«Түндүк» электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттешүү тутуму аркылуу банк мекемелеринен алынган маалыматтар БШКнын сайтындагы «Талапкер /Шайлоо фонду» бетте автоматтык түрдө көрсөтүлүп турат.

Маалымат жеке маалыматтар жана банк сыры тууралуу мыйзамдардын талаптары эске алынуу менен жарыяланат (б.а. каражаттарды төгүүчүнүн маалыматтарды ачык жарыялоого макулдугу менен) жарыяланат.

**БШКны көзөмөлдөө-текшерүү тобу (ККТ)** өз ыйгарым укуктарынын алкагында банк мекемелеринен алынган маалыматтарды контролдойт жана талдоого алат.

**Төмөнкүлөр ККТ контролунун предмети болуп саналат:**

- талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддоруна акча каражаттарын төгүүчү субъектилер (уруксат берилген жана тыюу салынган);

- ар бир субъектиден каражат түшүү жана сарптоо суммаларынын чектери (себеби ар бир объект боюнча уруксат берилген субъектилердин так чектери бар);

- каржы операцияларын жүргүзүү мөөнөттөрү.

Төлөмдөрдүн коддору болгондугуна, төлөмдөрдүн эмнеге багытталганын баяндоого, идентпелбеген субъектилерден атын атабай (анонимдүү) кайрымдуулук берүүнү жокко чыгарууга баардык транзакциялар текшерилүүгө тийиш.

**БШК ФА АМТнын мүмкүнчүлүктөрү акча каражаттарын жөнөткөн жана алган ар бир жакты идентттөөгө мүмкүнчүлүк түзөт.**

КТТ жүргүзгөн талдоонун натыйжасында бүгүнкүгө карата төмөнкүлөр боюнча бузуулар катталды: талапкерлердин өз каражаттары катары кайрымдуулук берүүлөрүнөн жана жеке, укуктук жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнөн түшүүлөрдүн чектен ашып кетүүсү, "төлөмдүн багыты" талаасын толук толтурбоо, ГКПО төлөмүн

кодунун жоктугу боюнча бузуулар ж.б.

Бул мүчүлүштүктөрдү четтетүү үчүн талапкерлер жана саясий партиялар менен шайлоо фонддорун түзүү жана акча каражаттарынын сарптоо эрежелери, жеке, укуктук жактар менен келишимдик негизде эсептешүүлөр, төлөм тапшырууларын толтуруу эрежелери боюнча маалыматтык-түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө, төлөм коддорун колдонуу боюнча кеңеш берилүүдө.

**БШК округдук жана участкалык шайлоо комиссияларын республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттарды максаттуу сарптоого окутту**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы округдук жана участкалык шайлоо комиссияларынын бухгалтердик эсеп жүргүзүү тартиби жана республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча отчёттуулукту түзүү боюнча окутуу өткөрдү.

Тренинг 2020-2021жылдардын мезгилинде шайлоолорду даярдоого жана өткөрүүгө шайлоо комиссияларына республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарын чыгымдарын максаттуу сарптоо боюнча аудиттин жыйынтыгы боюнча округдук шайлоо комиссияларынын төрагалары, катчылары, атайын өкүлдөрү жана бухгалтерлери үчүн уюштурулду.

Катышуучуларга ачыктык жана каржылык айкындуулук принциптерине жооп берүүчү шайлоо өнөктүктөрүн каржылоого байланыштуу маселелери түшүндүрүлдү. 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгымдардын сметасы процессти уюштуруу үчүн эң керектүү иш-чараларды эске алуу менен түзүлгөндүгү жөнүндө ОШК төрагаларына жана бухгалтерлерине маалымат берилди.

Шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байланыштуу иш-чаралар боюнча шайлоо комиссияларынын чыгымдары кабыл алынган мыйзам жол-жоболоруна ылайык республикалык бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт. БШК процессти уюштуруу үчүн керектүү гана иш-чараларды эске алуу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларында уюштуруу иштери/кызмат көрсөтүүлөрү үчүн белгиленген ченемдерди, коэффициенттерди, лимиттерди, ставкаларды колдонуу менен чыгымдардын толук сметасын түздү. БШКнын каржылык айкындуулугун арттыруу максатында чыгымдардын корголгон беренелери – эмгек акы, Соцфондуга чегерүү, кызматтык иш сапарга сарптоолор, башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу (окутууга сарптоолор: тамактануу, суткалык чыгымдар) боюнча гана акча каражаттарын төмөн турган шайлоо комиссияларына өткөрүп берүүнү камтыган бюджеттен бөлүнгөн каражаттар боюнча эсепке алууга жана отчёттуулукка карата жаңы ыкмаларды түздү.

Окутуунун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук Казыначылыгынын аймактык бөлүмчөлөрү бюджетти кассалык жактан аткаруу үчүн ОШК/АШКларга республикалык бюджеттин чыгымдары боюнча убактылуу казыналык эсептерди ачып жатышканы түшүндүрүлдү.

Акы төлөөлөр накталай эмес түрдө жүргүзүлөт. ОШК/АШКларда турган бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары республикалык бюджетке кайтарылууга тийиш.

ОШК/АШК өз ыйгарым укуктарын аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн КР мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

**Россия БШКсы: Орусиянын шаарларындагы шайлоо участкаларында добуш берүүнү уюштурууга максималдуу жардам көрсөтүлөт**

Россиянын шаарларындагы шайлоо участкаларында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону уюштурууга көмөк көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы менен Россия Федерациясынын Борбордук шайлоо комиссиясынын ортосунда жолугушуу болуп өттү.

Жыйынга КР БШК төрайымы Н.Шайлдабекова, Россия Федерациясынын БШК төрагасынын орун басары Н.Булаев, Россия

Федерациясынын Ички иштер жана Тышкы иштер министрлигинин өкүлдөрү, Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү, ошондой эле Россия Федерациясынын субъекттеринин мамлекеттик органдарынын, Россиядагы шайлоо участкаларынын шайлоо комиссияларынын өкүлдөрү катышты.

Жыйында добуш берүүчү жайларды, жабдууларды жана добуш берүүчү кабиналарды камсыздоо, электр энергиясы жана интернет менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу, шайлоо өтө турган күнү укук тартибин жана өрт коопсуздугун камсыздоо маселелери талкууланды. Россия Федерациясынын айрым субъектилеринде карантиндик чектөөлөр киргизилген учурда шайлоо комиссияларына жардам көрсөтүү маселелери талкууланды.

Россиянын Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын орун басары Н.Булаев парламенттик шайлоону уюштурууда жана өткөрүүдө кыргыз тарапка максималдуу жардам көрсөтүүнү тапшырды.


КР БШК төрайымы Н.Шайлдабекова парламенттик шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүүнүн алкагында КР БШКнын, Мамлекеттик каттоо кызматынын, КР ТИМ кызматкерлеринен түзүлгөн «мобилдүү топтор» чет өлкөдөгү мекендештер менен иштөө үчүн жиберилгендигин билдирди. Бул топтор алдыдагы парламенттик шайлоону уюштуруу, анын ичинде жарандарды шайлоочулардын тизмесине киргизүү, чет өлкөлөрдө түзүлгөн шайлоо участкаларынын даректерин жана санын аныктоо, жарандарды консулдук каттоого алуу, биометрикалык каттоо боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдө. Ошондой эле ZOOM платформасында чет өлкөдөгү шайлоочулар менен шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча онлайн жолугушуулар үзгүлтүксүз өткөрүлүүдө.

Эки өлкөнүн Борбордук шайлоо комиссиялары добуш берүүнү уюштурууда пайда болгон маселелерди ыкчам чечүү механизмдерин талкуулады, кыргыз тарап көрсөтүлгөн жардам үчүн ыраазычылык билдирди.

Маалымат үчүн: Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн шарттарды кеңейтүү максатында, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого карата чет өлкөдөгү шайлоо участкаларынын саны 59га чейин көбөйтүлдү. Алардын 21и Орусиянын шаарларында жайгашкан.

Россия Федерациясынын аймагында Москва шаарында алты, Санкт-Петербург, Екатеринбург, Новосибирск, Владивосток, Красноярск, Иркутск, Якутск, Южно-Сахалинск, Сургут, Тюмень, Краснодар, Самара, Казань, Томск жана Хабаровск шаарларында бирден шайлоо участоктору орун алган.

Ошону менен бирге Казань, Краснодар, Самара, Томск жана Хабаровск шаарларында шайлоо участоктору биринчи жолу түзүлдү. Учурда шайлоочулардын тизмесинде 75 651 чет өлкөдө жашаган же жүргөн шайлоочулар катталган.





## КР БШК: Электрондук капчык жана төлөм терминал аркылуу сатып алуу тобокелчилигине, анын ичинде чет өлкөлүк булактардан түшкөн төлөмдөргө катуу байкоо жүргүзүлөт

БШКда КРУБдун, коммерциялык банктардын жана Финансы чалгындоо мамлекеттик кызматынын катышуусунда электрондук капчыктар аркылуу шайлоочулардын добуштарын сатып алуу коркунучуна каршы өз ара аракеттешүү маселелери боюнча кеңешме болуп өттү.

Кеңешмеде идентификацияланбаган төлөм тутумдары аркылуу аткарылчу төлөмдөргө байкоо жүргүзүү

боюнча ведомстволор ортосунда өз ара аракеттешүү маселелери жана алдыдагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо электрондук капчыктар аркылуу шайлоочулардын добуштарын сатып алуу коркунучун жокко чыгаруу боюнча чаралар каралды.

БШК тараптан талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун акча каражаттарын түзүү жана сарптоо боюнча контролду КР БШКнын көзөмөлдөө-текшерүү тобу (КТТ) жүргүзөт.

Шайлоо фонддорунун атайын эсептерин жүргүзүүнүн мыйзамдарда каралган жол-жоболору идентификацияланбаган булактардан акча каражаттарынын түшүү же шайлоо фонддорунун алкагында аларга которуу коркунучун азайтат.

БШКнын контролдоо үчүн колдонулуучу АМТ автоматташтырылган тутумунун мүмкүнчүлүктөрү шайлоо фонддорунун эсептериндеги акча каражаттарынын ар бир жөнөтүүчүсүн жана алуучусун идентификациялоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу үчүн электрондук капчыктарды жана төлөм терминалдарын пайдалануу мүмкүнчүлүгү маселеси боюнча кеңешменин катышуучулары минтип аныкташты: бул учурда шайлоо фонддорунун атайын эсептеринен тышкары пайдаланылуучу эсепке алынбаган “көмүскө” акча каражаттарын (накталай жана накталай эмес түрдө) пайдалануу болуп саналат, алар идентификацияланбаган төлөм тутумдары, мисалы, ошондой болуп саналган төлөм терминалдары аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Пикир алмашуунун жүрүшүндө кеңешменин катышуучулары электрондук капчыктар аркылуу шайлоочулардын добуштарын сатып алуунун мүмкүн болуучу учурларын аныктоо боюнча төмөнкүдөй чечимге келишти:

1. Өз ыйгарым укуктарынын алкагында БШК, КРУБ, коммерциялык банктар жана Финансы чалгындоо мамлекеттик кызматы шайлоо мезгилинде, айрыкча, шайлоо датасына чейинки 2 жуманын ичинде (2021-жылдын 15-ноябрынан 28-ноябрына чейин) жана шайлоодон кийин (2021-жылдын 29-ноябрынан 18-декабрына чейин) банк төлөмдөрүнө, банк мекемелеринин жана мобилдик байланыш операторлорунун, төлөм тутумдарынын мобилдик тиркемелери аркылуу төлөмдөрүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырат;

2. Төлөмдөрдү колдонуунун массалык мүнөзү (кыска убакыттын ичинде бир түзүлмөдөн бирдей суммада кайталанган транзакциялар же убакыттын белгилүү бир тогошунда катары менен бир нече күн бою мезгил-мезгили менен кайталанган бирдей суммалар) күмөндүү төлөмдөр деп эсептелсин.

Көрүлүп жаткан чаралар кызыкдар жактардын шайлоочулардын добуштарын сатып алуу, анын ичинде чет өлкөлүк булактардан сатып алуу аракеттерине бөгөт болууга тийиш.

БШК КТТ эске салат: Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине ылайык:

- шайлоо фонддорунан тышкары каражаттарды пайдалануу шайлоо өнөктүгүн каржылоо тартибин бузган жазык жосуну болуп саналат, ал, анын ичинде, талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгаруу үчүн негиз болуп кызмат кылат;

- шайлоочулардын добуштарын сатып алуу 260 миң сомго чейин айып пул салынуучу же 2 жыл 6 айга чейин эркиндиктен ажыратууучу жоопкерчиликке тартуучу жазык жактан жазалоочу кылмыш болуп саналат

Кеңешмеге КР БШК төрагасы Н. Шайлдабекова, БШК мүчөлөрү И. Гайпкулов, К.Маматов, А.Жупуева, Финансы чалгындоо мамлекеттик кызматынын төрагасы К.Тургунбеков, КР Улуттук банкынын, «Компаньон», «Кыргызстан» коммерциялык банкы», «Дос-Кредобанк», «РСК Банкт» жана «Айыл Банк» коммерциялык банктарынын өкүлдөрү катышты.





**БШК партиялардын жана талапкерлердин байкоочуларын өлкө боюнча окутту**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (БШК) Эл аралык Республикалык Институт (ЭАРИ) менен биргеликте Кыргыз Республикасынын 7 облусунда саясий партиялардын байкоочулары жана талапкерлер үчүн “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо - 2021. Талапкерлердин, саясий партиялардын байкоочулары тарабынан шайлоонун жүрүшүнө мониторинг жүргүзүү” аталышында окуу өткөрдү.Саясий партиялардын байкоочулары жана талапкерлер төмөнкү маселелер боюнча маалымат алышты:

- талапкердин, саясий партиянын байкоочуларынын статусу. Каттоо процедурасы. Байкоочулардын укуктары жана милдеттери;



- Шайлоо комиссияларынын системасы. Шайлоочулардын тизмелери;

- имараттан тышкары добуш берүү;

- добуш берүү күнү: шайлоо участогун ачуунун жол-жоболору, КР ЖК депутаттарын шайлоодо добуш берүүнүн жүрүшү;

- Шайлоо участогун жабуу. Шайлоочулардын добуштарын эсептөө;

- добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу. КР ЖК депутаттарын шайлоонун жыйынтыгын чыгаруу;

- БШКнын маалыматтык ресурстары. Байланыш каналдары

**Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнүн симуляциясын өткөрдү**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы Чүй облусунун Новопокровка айылында добуш берүү күнүн симуляциялоону уюштурду.



Иш-чара шайлоо процессинин толук циклин камтыды, бул 2021-жылдын 28-ноябрына белгиленген Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо добуш берүү күнүнө карата программанын жана жабдуулардын даярдыгын текшерүүгө мүмкүндүк берди. Иш-чаранын башында шайлоо күнү санитардык эрежелер кандай сакталаары (температураны көзөмөлдөө, колду тазалоо, ар бир шайлоочуга коргоочу бет кап кийүү) көрсөтүлдү.




ММКлар ошондой эле мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын шайлоо участкаларына кирүүсүн камсыз кылуу үчүн майыптар коляскасын колдонгондор өз алдынча кыймылдаганда КР БШК кандай чараларды көрүп жатканын көрсөтүштү (шайлоо түйүндөрүндөгү чакыруу кнопкалары, пандустар, маалымат такталары шайлоочулар үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылгандай кылып орнотулган). Бардык УШКларда чоңойтуучу лупа (лупа) жана/же Брайль шрифти бар).

Симуляция үчүн тандалган участоктун мисалында шайлоочулардын маалымдуулугу кандайча камсыз кылынары көрсөтүлдү (бул чөйрөдө бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча ат салышкан талапкерлер менен гезиттерди таратуу, маалыматтык

плакаттарды жайгаштыруу, маалыматтык роликтерди көрсөтүү ж.б.).

«БШК шайлоочулардын добуштарын эсептөө үчүн добуштарды автоматташтырылган эсептөө урналары үчүн жаңы программасын иштеп чыгууну аяктады, ошондой эле бардык шайлоо участкаларынан маалыматтарды борбордук серверге чогултуу программасын жана маалыматтарды көрсөтүү программасын иштеп чыгууну аяктады. Бүгүн биз бул программаны сынап жатабыз.

Добуш берүү күнүнө 10 күн калды, республика боюнча шайлоо участкаларынан борбордук серверге сигналдардын түшүүсүн тестирлөө иштери башталды. Тестирлөө добуш берүү күнүнө калган бардык 10 күн ичинде өткөрүлөт.


БШК ошондой эле Кара-Суу шаарында добуш берүүнүн симуляциясын өткөрөт, ага катар эле шайлоо процессинин алкагында бардык техникалык каражаттарды колдонуунун киберкоопсуздугун камсыздоо программасы сыналат. Көрүлгөн чаралар жыйналган маалымат программаларынын ишенимдүүлүгүн жана үзгүлтүксүз иштешин, добуш берүүнүн жыйынтыктарын эсептөөнү жана сигналды коопсуз өткөрүү программасын камсыздай алат деп ишенем”,- деди КР БШК төрайымы Н.Шайлдабекова.

Талапкерлердин жана саясий партиялардын байкоочуларына, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарына шайлоонун этаптары – шайлоо участокторун ачууга чейинки жол-жоболор, добуш берүүнү уюштуруу, шайлоо участкаларын жабуу жана добуштарды саноо иштери көрсөтүлдү.

Биринчи этапта шайлоо участогу ачылганга чейинки даярдык камтылган. УШКнын төрагасы чүчү кулак кармоону өткөрдү, ага ылайык округдук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү добуш берүү күнү оператордун ишин ким көзөмөлдөй турганы жана аны менен бирге шайлоочулардын электрондук тизмесиндеги жарандарды идентификациялоону жүргүзө тургандыгы аныкталды; жарандарды шайлоочулардын кагаз тизмесине каттайт; шайлоо бюллетендерин берүү; шайлоочулардын купуя добуш берүүсү үчүн кабиналарга өтүшүнө, шайлоо бюллетендеринин урналарга түшүрүлүшүнө көзөмөлдүктү ишке ашырат.

Андан кийин УШКнын пломбаланган сейфи ачылды, анда бул участканын шайлоочуларынын тизмеси, шайлоо бюллетендери, участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү, имараттан тышкары жерде добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө документтер жана шайлоочулардын электрондук тизмеси орнотулган жабдуулар сакталат. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы бул участка боюнча шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын санын жарыялады.

Байкоочулар шайлоочулардын кагаз жана электрондук тизмелерин визуалдык түрдө текшерип, салыштыра алышты. Чогулгандарга бош урналар (АЭУ) көрсөтүлдү, алар Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын мөөрү менен пломба коюлган. Ошондой эле контролдук баракчалары даярдалып, анда шайлоо участкасынын номери, түшүрүү убактысы, УШКнын мүчөлөрүнүн, катышкан талапкерлердин, талапкерлердин жана партиялардын өкүлдөрүнүн аты-жөнү көрсөтүлгөн. Бул адамдар контролдук барактарга кол коюшат жана барактар УШКнын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт, контролдук барактар АЭУга түшүрүлөт.



Андан соң УШКнын төрагасы УШКдан алынган бюллетендердин санын жана алардын канчасы сыртта добуш берүүгө берилгенин жарыялады. Шайлоо бюллетендери саналып, жарыяланды, байкоочулар алар менен өздөрү көрүп тааныша алышты. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорго жана алардын чоңойтулган бланктарына шайлоо бюллетендеринин саны киргизилип, 100 даанадан турган тизме боюнча УШКнын мүчөлөрүнө өткөрүлүп берилди.

Добуш берүүгө катышкан шайлоочуларга 2ден бюллетень берилди.

Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттарды шайлоодо шайлоочу бюллетенге:

¬ талапкерге тиешелүү чарчыга;

¬ же "Баарына каршы" позициясына белги коет.

Бирдиктүү шайлоо округу боюнча депутаттарды шайлоодо шайлоочу:






¬ шайлоо бюллетенинин биринчи бөлүгүндө саясий партияга тиешелүү белги коет;

¬ шайлоо бюллетенинин экинчи бөлүгүндө бир чарчыдагы талапкердин катар номерине тиешелүү белги коет;

¬ эгерде ал кандайдыр бир саясий партиянын пайдасына өз тандоосун жасабаса, анда ал "Баарына каршы" деген чарчыга белги коет.



Байкоочулар добуш берүү кабинасына бардык талапкерлер, саясий партиялар жөнүндө маалыматтык материалдар чүчү кулак кармоодо аныкталган тартипте жайгаштырылгандыгын көрүштү; ар бир талапкердин катар номерин көрсөтүү менен ар бир партия боюнча талапкерлердин тизмелери бар.




Ошондой эле, талапкерлер тууралуу бардык маалыматтар ТАЛАПКЕР порталына, шайлоо участкаларындагы плакаттарга, шайлоочуларга таратылып жаткан аймактык гезиттерге жайгаштырылган.

Симуляциянын жүрүшүндө добуштарды эсептөө кандай жүрүп жатканы кеңири баяндалган. Добуш берүү аяктагандан кийин УШКнын мүчөлөрүнүн колунда калган пайдаланылбаган шайлоо бюллетендери, ошондой эле сейфте калган пайдаланылбаган шайлоо бюллетендери жокко чыгарылууга тийиш.



Бардык жокко чыгарылган шайлоо бюллетендери эсептелет, сейф пакетине таңгакталып, ал комиссиянын мөөрү жана ичиндеги шайлоо бюллетендеринин санын көрсөтүү менен анын мүчөлөрүнүн колтамгалары менен бекитилет. Бардык жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин саны добуш берүүнүн жыйынтыктарынын протоколуна жазылат.




Шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны чектик саноо аркылуу кошумча текшерилет. Шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны боюнча акт түзүлөт. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын колу жана мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн актынын көчүрмөсү катышып жаткан талапкерлерге, талапкерлердин, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө, байкоочуларга берилет, андан кийин маалыматтар чоңойтулган протоколго киргизилет.



Добуштарды түз (кол менен) эсептөөнүн алдында УШКнын төрагасы добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктарын автоматтык эсептөөчү урналар менен берилген жыйынтыгын

жарыялайт, алар жөнүндө өзүнчө акт түзүлөт, ал добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго тиркелет жана бардык катышкандардын алдында жарыяланат.

Мөөр менен күбөлөндүрүлгөн автоматтык түрдө добуш берүү үчүн урнанын отчеттору, мөөр менен күбөлөндүрүлгөн идентификациянын баштапкы жана акыркы протоколдору саясий партиялардын талапкерлеринин бардык өкүлдөрүнө, шайлоо участкасында жүргөн байкоочуларга берилет.



Округдук шайлоо комиссиясы УШКлардан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордун биринчи нускаларын башка шайлоо документтери менен бирге алат жана анда камтылган маалыматтарды кошуу менен тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарат.

Добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндө участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорун түзүүнүн тууралыгын алдын ала текшергенден кийин, округдук шайлоо комиссиясы бардык участкалык шайлоо комиссияларынын маалыматтарын чыгаруу менен тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктарын бир мандаттуу округ жана бирдиктүү округ боюнча добуш берүү жыйынтыгын чыгарат.

**Бишкек шаарында коомдук байкоочуларга добуш берүү жана добуштарды эсептөөнүн жол-жоболору түшүндүрүлдү**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы Эл аралык Республикалык Институттун Кыргыз Республикасындагы Өкүлчүлүгүнүн (IRI) колдоосу менен Бишкек шаарында коом дук байкоочуларга "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо - 2021. Шайлоону көзөмөлдөө процесси" темасында тренинг уюштурду. Катышуучуларга байкоочу катары каттоонун жол-жобосу, байкоочу статусу тууралуу айтылды. Талапкер, саясий партия ар бир участкалык шайлоо комиссиясына экиден ашык эмес байкоочу дайындай алаары тууралуу айтылды, алар добуш берүүнү өткөрүүгө жана добуш берүүчү жайдагы башка шайлоо аракеттерине кезектешип байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу укугуна ээ болушат. Шайлоо комиссиясынын жайында, добуш берүү үчүн жайда катталган бир талапкердин, бир саясий партиянын кызыкчылыктарын билдирүүчү эки же андан көп байкоочунун бир убакта байкоочунун ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууларына жол берилбейт.

Байкоочу катары катталуу үчүн Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун жана аны бир мандаттуу шайлоо округу боюнча дайындаган талапкердин колу коюлган жолдомосун көрсөтүү зарыл же же партиянын мөөрү басылган талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиядан жолдомо керек. Жолдомодо байкоочунун 1) фамилиясы, аты жана атасынын аты, 2) туруктуу жашаган жери, 3) ал жиберилген участкалардын номерлери, шайлоо комиссияларынын аталыштары көрсөтүлөт, ошондой эле чектөөлөрдүн жок экени жөнүндө жазуу жүргүзүлөт. Байкоочуну жиберүү жөнүндө алдын ала кабарлоо талап кылынбайт.

Байкоочуларга добуш берүү башталганга чейин УШКнын төрагасы катышып жаткандардын бардыгына УШКнын мөөрү басылган бош урналарды көрсөтүүсү керектиги айтылды. Ошондой эле добуш берүү башталганга чейин көзөмөлдөө барактары түзүлөт, анда шайлоо участкасынын номери, салуу убактысы, УШКнын мүчөлөрүнүн, катышкан талапкерлердин, талапкерлердин, партиялардын өкүлдөрүнүн аты-жөнү көрсөтүлөт. Белгиленген адамдар өзөмөлдөө барактарына кол коюшат жана барактар УШКнын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Текшерүү барактар АЭУга салынат.

Шайлоо күнү ар бир шайлоочуга 2 бюллетень берилери айтылды:

► биреөндө - саясий партиялардын аталыштары чүчүкулак кармоо менен аныкталган тартипте көрсөтүлгөн бирдиктүү шайлоо округу үчүн жана аянттын сырткы сол тарабында номерленген 54 бош чарчы бар. Бош чарчынын номери талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин катар номерине туура келет;

► экинчисинде - бир мандаттуу шайлоо округу боюнча, чүчүкулак аркылуу аныкталган тартипте талапкерлердин фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган жылы көрсөтүлөт.

Добуш берүү күнү добуш берүүчү кабиналарда төмөндөгүлөр болот:

- чүчүкулак аркылуу аныкталган кезекте бардык талапкерлер, саясий партиялар жөнүндө маалыматтык материалдарды;
- ар бир талапкердин катар номерин көрсөтүү менен ар бир партия боюнча талапкерлердин тизмелери;
- талапкерлер тууралуу бардык маалыматтар «ТАЛАПКЕР» порталында жана шайлоо участкаларындагы плакаттарда илинет.

Талапкер саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинен маалыматтык материалдардын формасы жана тексти бекитилгенден кийин чыккан учурда, талапкер жөнүндө маалыматтар маалыматтык материалдардан толук чийилет, анын ичинде талапкерлердин тизмесиндеги катар номери дагы.

Тыюу салынат:

- Шайлоо бюллетенин добуш берүүчү бөлмөдөн алып чыгууга;
- Добуш берүү үчүн жайда турган адамдарга добуш берүү үчүн үкөктү далдалоого же ага байкоо жүргүзүүгө башка ыкма менен тоскоолдук кылууга тыюу салынат;
- добуш берүү үчүн үкөктүн жанында шайлоо бюллетенин таштап жаткан шайлоочудан башка адамдардын болушуна тыюу салынат.
- Эгерде алар шайлоо комиссиясынын ишине же Кыргыз Республикасынын жараны өз шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруусуна тоскоолдук кылууга, ошондой эле добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузууга аракет кылса, участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү токтоосуз анын жумушуна катышуудан четтетилет, ал эми байкоочу же башка адамдар добуш берүүчү жайдан сыртка чыгарылат. Бул жөнүндө чечим участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан жазуу жүзүндө кабыл алат. Мында комиссия бул адамдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштама менен тиешелүү органдарга кайрылууга укуктуу.

Ошондой эле добуштарды эсептөөнүн жол-жобосун кеңири түшүндүрүштү. БШК бирдиктүү шайлоо округу боюнча ар бир саясий партия жана талапкерлердин тизмесиндеги ар бир талапкер боюнча берилген добуштарды эсептейт.

Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын эң көп добушун алган талапкер (добуштардын көпчүлүгүн алган) Жогорку Кеңештин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайланган депутаты болуп саналат. Талапкерлер алган добуштардын саны бирдей болгон учурда, кимиси датасы жана убактысы боюнча каттоо үчүн документтердин толук пакетин мөөнөтүнөн мурда тапшырса, ошол талапкер шайланды деп эсептелет.